**Ооруба, элим**

**Обону: Мыктыбек Нурланбеков.**

**Сөзү: Ашира Кулишева**

**Ооруба элим, ооруба**

**Ооруба элим, ооруба,**

**Илинбе илдет торуна.**

**Аракет кылсак берекет ,**

**Жакшы күн келет соңунда.**

**Ооруба элим, ооруба,**

**Эмгектен өмүр жолунда.**

**Эркелеп жаша ар бир күн,**

**Эгемен эркин коомунда.**

**Ооруба элим, ооруба,**

**Ким элек илдет жогунда?**

**Бириккен элди көрдүм мен,**

**Мээримиң сенин боорунда.**

**Ооруба элим, ооруба,**

**Унчукпай калып солуба.**

**Иликтеп көрүп жеңебиз,**

**Элибиз берет жообун да**